төлөнүүчү өргүү эки бөлүккө бөлүнүшү мүмкүн. Кызматкерди өргүүдөн кайра чакырып алууга анын макулдугу менен гана жол берилет.

- Эмгек акысын сактабастан өргүүгө чыгаруу КР Эмгек кодексинин 133-статьясында көрсөтүлгөн кызматкерлердин категориясынын жазуу жүзүндөгү арызы боюнча жүргүзүлөт.
- Эмгек тартибинин эрежелерин системалуу түрдө бузган же коомдук тартипти бузган кызматкерлерге, дисциплинардык жаза чарасын колдонууга карабастан, жетекчилик тарабынан аныкталган мөөнөткө эмгек акысына карата кошумча акы азайтылат;
- эмгектик ишинин натыйжалары боюнча кезектеги сый акы төлөнбөйт;
- жыл бою профсоюздун бюджетинен жана фонддон материалдык жардам көрсөтүлбөйт.

**Профсоюз:** - Ченемдик укуктук документтерге жана ички эмгек тартибинин эрежелерине ылайык иш режимин белгилөөдө эмгектик укуктардын ченемдеринин сакталышына, иш мезгилин жана эс алуу мезгилин жөнгө салууга коомдук көзөмөлдү жүзөгө ашырат жана иш берүүчү менен тыкыс байланышта болот.

## 5. Кадрларды иш менен камсыз кылуу, кесиптик даярдоо жана кайра даярдоо

Кызматкердин кесиптик чеберчилигинин өсүшүнө, чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууга, ишкердик сапаттарын аныктоого, уюмдун ишин өркүндөтүүгө жана кызматкерди кызматы боюнча жылдырууга, ошондой эле ээлеген кызматына ылайык келишине түрткү берүү максатында, тараптар (аттестациялык-квалификациялык комиссия) Типтүү Жобону жана ар бир билим берүү мекемесинде ички аттестациялоодон өтүүгө тийиш болгон кызматтардын тизмесин иштеп чыгууга жана бекитүүгө милдеттенет.(КР Эмгек кодексинин 197-ст.)

***Жумуш берүүчү төмөндөгүлөрдү камсыз кылат:*** -Усулдук секциялардын жетекчилеринин пикирлерин эске алуу менен кызматкерлерди кесиптик даярдоонун, кайра даярдоонун жана квалификациясын жогорулатуунун формаларын, мекеменин келечекте өнүгүшүн жана сабактар боюнча вакансияларды эске алуу менен ар бир календарлык жылга зарыл болгон кесиптердин жана адистиктердин тизмесин аныктайт.

- Беш жылда бир жолу педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууга жиберилгенде, кызматкердин негизги иштеген жери боюнча иштеген ордун (кызматын) жана орточо эмгек акысын сактап калат. Эгерде кызматкер квалификациясын жогорулатуу үчүн башка шаарга, өлкөгө жиберилсе, иш сапарына жиберилүүчү адамдар үчүн каралган тартипте жана өлчөмдөрдө иш сапарына кетүүчү чыгымдарды төлөп берет.
- Ишин жогорку, орто жана баштапкы кесиптик билим берүү мекемесинде ийгиликтүү окуу менен айкалыштырган, КР Эмгек кодексинин 195-статьясында каралган тартипте билим алган кызматкерлерге, алар окуусун бүткөндөн кийин иштөөсүн улантккан шартта кепилдиктерди жана компенсацияларды берет.

**Профсоюз:-**Администрациянын кызматкерлердин иш менен камсыз кылуу маселелерин, вакансияларды жабуу боюнча иштерине көзөмөлдүк кылууну жүзөгө ашырат.

## 6. Эмгекти жана ден соолукту коргоо

***Жумуш берүүчү:-*** «Эмгекти коргоо жөнүндө», «Профсоюз жөнүндө», «Билим берүү жөнүндө» жана «Мугалимдин статусу жөнүндө» КР мыйзамдарынын алкагында билим берүү мекемесинде эмгекти коргоонун ченемдерин жана эрежелерин сактоого.

- Администрация менен профсоюз комитетинин ортосунда эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча Макулдашууну иштеп чыгууга жана жыл сайын бекитүүгө;
- Кызматкерлердин эмгектик жакшы жана коопсуз шарттарына болгон укугун камсыз кылууга, кызматкерлердин өндүрүштүк мертинүүсүнүн жана кесиптик дартка чалдыгышынын алдын ала турган эмгек коопсуздугунун заманбап каражаттарын киргизүүгө (КР Эмгек кодексинин 215-ст.)